DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Мамбетеминова М.З.*

# ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИГИНДЕГИ ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ БАЖЫ-ТАРИФТИК ЖӨНГӨ САЛУУНУН УКУКТУК СУРООЛОРУ

*Мамбетеминова М.З.*

# ПРАВОВЫЕ ВОПРОСЫ ТАМОЖЕННО-ТАРИФНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ВНЕШНЕЭКОНОМИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ

*M.Z. Mambeteminova*

# LEGAL ISSUES OF CUSTOMS AND TARIFF REGULATION OF EXTERNAL ECONOMIC ACTIVITIES IN THE EURASIAN ECONOMIC UNION

*УДК: 341.1:341.7(575.2)(04).*

*Бул макалада союздук республикалардын таркашы менен көп жылдан бери түптөлгөн ички чарба жүргүзүүнү жана тышкы соода-экономикалык саясатты кайрадан жаңы нукта түптөө процессинин укуктук өнүгүүсү жөнүндө сөз кылынат. Евразиялык экономикалык биримдигинин түзүлүп, интеграциялык процесстер өнүгүп-өсүп жаткандыгы туралуу жана биримдикте бирдиктүү соода-экономикалык саясатты жүргүзүү, өзүнө көптөгөн татаал укуктук механизмдерди камтый турганы жөнүндө айтылат. Ошолордун бири биримдиктеги ички жана тышкы экономикалык ишмердүүлүктү бажы-тарифтик жөнгө салуу саясаты болмокчу. Макалада ЕАЭБге кирген мамлекеттердин ортосундагы интеграциялык биримдиктин негизин түзгөн эл аралык келишимдердин хронологиясы каралган жана буга байланыштуу КРнын ички мыйзамдарынын кабыл алынышы жөнүндө сөз кылынат. Бажы тарифтик жөнгө салуунун аныктамалары жана түрлөрү жөнүндө жана ошндой эле азыркы күндө ЕАЭБдин бажы тарифтик жөнгө салуу саясаты укуктук жактан каралып жана бир катар сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *бажы-тарифтик жөнгө салуу, товардык номенклатура, Евразиялык Экономикалык Биримдиги, эл аралык келишимдер, тышкы экономикалык ишмердүүлүк, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму, Бүткүл дүйнөлүк бажы уюму, бажы биримдиги, Бажы кодекси, бажы алымы, бажы коюму.*

*В научной статье рассматривается правовое развитие процесса реорганизации отечественной экономики и внешнеторгово-экономической политики, которая на протяжении многих лет формировалась с распадом союзных республик. В работе говориться о создании Евразийского экономического союза, о развитии интеграционных процессов и реализация единой торгово-экономической политики в союзе, которые потребуют решения множества сложных правовых механизмов. Одним из них будет политика таможенно-тарифного регулирования внутренней и внешнеэкономической деятельности в союзе. В статье приводится хронология международных договоров, составляющих основу интеграционного союза государств-членов ЕАЭС и изучается внутреннее законодательство Кыргызской Республики в этой области. Дается определение и рассматриваются виды таможенно-тарифного регулирования. На сегодняшний день в политике в политике таможенно-тарифного регулирования ЕАЭС проведен правовой анализ и даны некоторые рекомендации.*

***Ключевые слова:*** *таможенно-тарифное регулирование, товарная номенклатура, Евразийский Экономический Союз, международные договоры, внешнеэкономическая деятельность, Всемирная торговая организация, Всемирная таможенная организация, Таможенный союз, Таможенный кодекс, таможенная пошлина, таможенная ставка.*

*The scientific article examines the legal development of the process of reorganization of the domestic economy and foreign trade and economic policy, which for many years was formed with the collapse of the Union republics. The work talks about the creation of the Eurasian Economic Union, the development of integration processes and the implementation of a single trade and economic policy in the union, which will require the solution of many complex legal mechanisms. One of them will be the policy of customs and tariff regulation of domestic and foreign economic activity in the union. The article provides a chronology of international treaties that form the basis of the integration union of the EAEU member states and examines the internal legislation of the Kyrgyz Republic in this area. The definition is given and the types of customs and tariff regulation are considered. To date, a legal examination and a number of recommendations have been carried out in the policy of customs and tariff regulation of the EEU.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***Key words:*** *customs tariff regulation, commodity nomenclature, Eurasian Economic Union, international agreement, foreign economic activity, World trade organization, World customs organization, Customs Union, Customs code, Customs duty, Customs rate.*

Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) киргендигине байланыштуу Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр өлкөдөгү эң маанилүү мамлекеттик институттарды терең аңдап, түшүнүүгө жана аларды өркүндөтүүгө алып келди. Алардын арасында Евразия экономикалык биримдигине кирген өлкөлөрдө бажы-тарифтик жактан жөнгө салуунун укуктук маселелери бар. Азыркы реалдуулукта бажы-тарифтик жөнгө салуу, товарлардын агымын бирдиктүү экономикалык мейкиндикке бириктирүүчү, регионалдык интеграциянын эң натыйжалуу куралы болуп саналат. Азыркы учурда эл аралык экономикалык мамилелерди өнүктүрүүнүн олуттуу өзгөчөлүгү болуп эгемен мамлекеттердин регионалдык соода-экономикалык бирикмелерин жаратуу саналат. Бул процесс өзүнүн айрыкча интенсивдүүлүгүн XX кылымдын экинчи жарымында көрсөтө баштаган жана буга мисал натыйжалуу интеграциялык биримдик катары Европа биримдиги узак мезгил бою ийгиликтүү жашап келе жатат. Аны түзүү тажрыйбасы, болжол менен, улуттук экономикасы бирдей деңгээлде өнүккөн мамлекеттерди бириктирүү зарыл экендигин көрсөттү. Ошону менен бирге, эл аралык тажрыйба нукура интеграциянын башкы максаты - бирдиктүү экономикалык чөлкөмдү түзүү болуп санала тургандыгын далилдеди. Жер шарынын ар башка региондорунда интеграциялык процесстердин активдешүүсү мамлекеттер аралык чарба жүргүзүүдөгү өз ара алаканы экономикалык прогресстин башкы кыймылдаткычтарынын бирине айлантты.

Бажы иштери жаатындагы эл аралык кызматташуу белгилүү бир формаларда жүзөгө ашырылат. Кызматташуу формасы катары мамлекеттер ортосунда кызматташуу жүргөн алкактар түшүнүлөт. Бажы ишиндеги эл аралык кызматташуунун эң көп таркаган формасы эл аралык келишимдерди түзүүнүн негизиндеги кызматташуу болуп саналат. Бажы иштеринин маселелери боюнча түзүлгөн эл аралык келишимдер жетишерлик арбын, мунун ичинде эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдерди белгилесек болот. Учурда мамлекеттердин экономикалык кызматташуусун эл аралык-укуктук жактан жөнгө салуу чөйрөсүндө, ошондой эле бажы маселелеринин чөйрөсүндөгү көп тараптуу жөнгө салуу механизминде өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Анын негизги принциптери мүчө-мамлекеттердин бажы-тарифтик коргонуусун басаңдатуу жана макулдашылган алкактардагы тарифтик эмес протекционизмди токтотуу болуп калды. Мамлекеттердин соода-саясий ишмердиктерин регламенттештирүүчү уюштуруучулук түзүмдөрдүн мааниси, ошондой эле регионалдык соода-экономикалык интеграциялык топтордун жана уюмдардын ролу өстү [1].

ЕАЭБде бажы-тарифтик жөнгө салуунун ченемдик-укуктук негиздери болуп төмөнкү эл аралык келишимдер жана мыйзамдар саналат. ЕАЭБдин ченемдик-укуктук базасын түзүүнүн башаты 1995-2000-жылдардан түптөлүп, өзүнө СССР кулагандан кийин түзүлгөн айрым мамлекеттердин экономикалык интеграциясы тууралуу диалогду куруу үчүн укуктук негиздерди жаратууга арналган алкактык макулдашууларга кол коюлган.

Евразия мамлекеттеринин жакындашуусу 1995-жылы Беларусь, Казакстан жана Орусиянын Бажи биримдиги жөнүндө Макулдашууга кол койгондон тартып башталган. 1996 жана 1998-жылдары үч мамлекеттин ортосундагы келишимдерге Кыргызстан жана Тажикстан кошулган.

Мындай келишимдерге төмөнкүлөр кирет:

– 1995-жылдын 6-январындагы Орусия Федерациясы менен Беларусь Республикасынын ортосундагы Бажы биримдиги жөнүндө келишим;

– 1995-жылдын 20-январындагы Бажы биримдиги жөнүндө келишим (Орусия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын өкмөттөрүнүн деңгээлиндеги келишим);

– Белоруссия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Орусия Федерациясынын ортосундагы экономикалык жана гуманитардык жааттардагы интеграцияны тереңдетүү тууралуу 1996-жылдын 29-мартындагы келишим (1998-жылы келишимге Таджикистан Республикасы кошулган).

Жогоруда аталган келишимдер толук кандуу жана конструктивдүү баарлашуу жүргүзүү үчүн укуктук негиз берген жана мунун максаттары эл аралык маанидеги көрүнүш катары Евразия интеграциясын өнүктүрүүнүн кийинки мезгилдеринде жетишилген деп ырастаса болот.

Жогоруда аталган өнүгүүнүн башталышы 2000-2010-жылдарга туура келет жана ал 2000-жылдын 10-октябрындагы Евразия экономикалык коомдоштугун түзүү жөнүндө келишимдин түзүлүшү менен байланыштуу. Бул эл аралык субъектинин укуктары берилген (2000-жылдын 10-октябрындагы келишимдин 1, 11-беренелери), эл аралык уюмду түзүүнү көздөгөн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



келишимдин катышуучулары катары Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Орусия Федерациясы, Тажикстан Республикасы чыгышкан.

2010-жылдын 1-январынан тартып Беларусия, Казакстан жана Орусиянын Бажы биримдиги иштей баштап, анын алкагында тышкы экономикалык иштин бирдиктүү бажы тарифи жана бирдиктүү товардык номенклатура белгиленди; Бажы биримдигинин Комиссиясы түзүлдү. 2010-жылдын 1-июлунан тартып Казакстан жана Орусиянын аймагында Бажы кодекси колдонула баштаган, 2010-жылдын 6-июлунда ал Бажы биримдигинин бардык аймагында күчүнө кирген.

2012-жылдын 1-январынан тартып кийинки этап – Бирдиктүү экономикалык мейкиндик түзүлүп, интеграциянын эң жогорку баскычын көрсөтүп, анда үчүнчү өлкөлөргө карата товарлардын эркин жүрүүсү жана унификацияланган соода тартиби гана эмес, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдын жана жумушчу күчүнүн эркин кыймылы, атандаштыктын бирдиктүү эрежелери жана принциптери, табигый монополияларды жөнгө салуу да каралган. БЭМдин негизинде экономиканы жөнгө салуунун түйүндүү тармактарында – макроэкономикада, атаандаштык чөйрөсүндө, өнөр жай жана айыл чарба субсидияларында, транспортто, энегетикада, ошондой эле табигый монополиялардын тийиштүү чөйрөлөрүндө макулдашылган аракеттер бар.

2012-жылдын 1-январынан тартып Евразиялык интеграциялык биримдиктин Соту иштей баштаган, ага дискриминацияга байланышкан, атаандаштыктын эрежелерин жана бизнести жүргүзүүнүн бирдей шарттарын бузган бардык фактылар боюнча мамлекеттер гана эмес, экономикалык ишмердүүлүктүн катышуучулары да кайрыла алышат.

2012-жылдын 1-февралынан Евразия экономикалык комиссиясы (ЕЭК) – Бажы биримдигинин жөнгө салуучу дайыма иштеп турган органы катары ишке кирген, ал Бажы биримдигинин Комиссиясын алмаштырып, ага мамлекеттер экономикалык саясаттын бир катар багыттары боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын өткөрүп беришкен.

Бажы-тарифтик мамилелерди жөнгө салуучу эл аралык-укуктук база өзүнө Бажы биримдигине мүчө бардык мамлекеттер кошулган Товарларды баяндоонун жана коддоштуруунун шайкештелген системасы жөнүндө эл аралык конвенцияны камтыйт. Бул Конвенция Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2012-жылдын 16-июлундагы №54 чечими менен бекитилген Бажы биримдигинин Бирдиктүү бажы тарифинин өзөгүндө берилген. Белгилүү болгондой, Бирдиктүү бажы тарифи төмөнкүлөргө негизделген:

–товарларды баяндоонун жана коддоштуруунун шайкештелген системасына;

– Европа биримдигинин айкалыштырылган номенклатурасына;

– КМШнын тышкы экономикалык ишмердигинин товардык номенклатурасына.

2014-жылдын 29-майында Астанада Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө Келишим – Беларусь, Казакстан жана Орусиянын мамлекет башчылары тарабынан  келишимге кол коюшкан. Бул Келишим менен Евразия экономикалык биримдиги негизделип, ал 2015-жылдын 1-январынан тартып ишке кирген.

2015-жылдын 2-январынан ЕАЭБдин толук укуктуу мүчөсү Армения болуп калган, ал Биримдик жөнүндө Келишимге 2014-жылдын 10-октябрында кошулган. 2014-жылдын 23-декабрына ушул өңдүү жогорку деңгээлдеги келишим Кыргыз Республикасы менен түзүлгөн; 2015-жылдын 8-майында Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кирүү алкагында бир катар документтерге, аны менен катар Кыргыз Республикасы Биримдике кошулууда өткөөл мезгилдин өзгөчөлүктөрүн аныктаган протоколдорго кол коюлган.

Ошого байланыштуу Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарын ЕАЭБдин Келишимине дал келтирүү үчүн Өкмөттүн 39 мыйзамы жана 52 токтому кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Бажы кодекси күчүн жоготуп, Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 31-декабрындагы №184 «Кыргыз Республикасынын бажылык жөнгө салуу жөнүндө» мыйзамы ишке кирип кайра күчүн жоготкон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын май айында ЕАЭБге кирүү жөнүндө Келишимди ратификациялаган, ал эми 2015-жылдын 12-августунан тартып Кыргыз Республикасы ЕАЭБдин толук укуктуу 5-мүчөсү болуп калды жана кыргыз-казак чек арасында бажы көзөмөлү жокко чыгарылды. КРдын 2019-жылдын 24-апрелиндеги №52 мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» мыйзамы жаңы редакцияда колдонууга киргизилди.

Бажы-тарифтик мыйзамдар тышкы экономикалык байланыштардын укуктук механизминде борбордук орунга ээ. Бажы-укуктук ченемдердин жардамы менен товарлардын жана транспорттук каражаттардын бажы чек аралары аркылуу өткөндүгүнө байланыштуу келип чыгуучу мамилелер жөнгө салынат. Тышкы экономикалык, анын ичинде, тарифтик жөнгө салуу иштеринин мүнөзү жана анын милдеттери

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өлкөдөгү жалпы экономикалык кырдаал, өлкөнүн тышкы жана ички өнүгүү шарттары менен тыгыз байланыштуу.

Евразия экономикалык биримдигинде Бажы кодексинин кабыл алынышы жана мунун артынан улуттук бажы мыйзамдарын анын ченемдерине жана жоболоруна шайкеш келтирилиши менен бажы мыйзамдарында активдүү жаңылануу жүрдү. Бажы иштерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук база чөйрөсүндөгү бул өзгөрүүлөр экономиканын инновациялык өнүгүү жолуна өтүүсүнүн, ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн эл аралык илимий-техникалык жана өндүрүштүк-технологиялык кооперацияга активдүү кошулуусунун, административдик тоскоолдуктарды азайтуунун жана Тышкы экономикалык ишмердиктин (ТЭИ) катышуучуларынын чыгымдарын бажы жол-жоболорун тездетүү аркылуу кыскартуунун ажыратып алгыс курамы болуп саналат.

ЕАЭБдин кеңейтилиши менен бажы-тарифтик саясатты укуктук жактан жөнгө салуу чөйрөсүндө түп-тамырынан өзгөрүүлөр жүрдү жана ушундан улам, ЕАЭБдин бирдиктүү бажы тарифинин артында экономикалык жигердүүлүктү колго алуучу жана ЕАЭБ өлкөлөрүнүн экономикасына түз инвестицияларды тартуу боюнча жагымдуу шарттарды жаратуучу маанилүү жөнгө салуучулук милдетти аркалайт. ЕАЭБдин бажы-тарифтик саясаты дүйнөлүк экономиканын өсүүсүн калыптандыруу шартында жүргүзүлүшү зарыл. Ал эми тышкы сооданы бажы-тарифтик жөнгө салуу туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуунун негизги элементине айланууда жана бул өз кезегинде товарларды тең салмактап ташып келүүнү жана ташып чыгарууну колдоого өбөлгө түзүүгө тийиш. Бул жерде бажы салыгынын системасын ЕАЭБ өлкөлөрүндө бажы тарифин күчтөндүрүү принцибинин негизинде атаандаштыкка жөндөмдүү улуттук экономиканы өнүктүрүү жана жаратуу милдеттерине шайкеш келтирүү абдан орчундуу маселе.

ЕАЭБ өлкөлөрүндө бажы-тарифтик жөнгө салууну жүзөгө ашыруучу ченемдерди жана механизмдерди укуктук жактан регламенттештирүү маселеси актуалдуу болуп турат.

Бажы-тарифтик жөнгө салуу жаатындагы мамилелер төмөнкү ченемдик-укуктук актылар менен регламенттештирилет: «ЕАЭБдин бирдиктүү бажы тарифи, Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2012-жылдын 16-июлундагы №54 чечими (Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2016-жылдын 18-октябрындагы №101 чечиминин редакциясында) менен бекитилген, 2014-жылдын 29-майындагы «Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө» келишим (2018-жылдын 15-мартындагы протоколдун редакциясында), «Бажы тарифи жөнүндө» Мыйзам, “Антидемпинг жөнүндө» Мыйзам, “Субсидиялар жана компенсациялык чаралар жөнүндө» Мыйзам жана башкалар, ошондой эле, ушул мыйзамдарга ылайык кабыл алынган ЕАЭБдин башка ченемдик укуктук актылары.

Тарифтик жөнгө салуу деп тышкы соода жүгүртүүгө болгон таасирдин баа факторун пайдаланууга негизделген чаралардын, усулдардын топтому түшүнүлөт. Башкача айтканда бажы-тарифтик жөнгө салуу - бул ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн чыгымдарын жана бааларын эске алуу менен, импорттолуучу жана экспорттолуучу продукциянын баасын жана бааларды жөнгө салууга багытталган нарк инструменттеринин жана экономикалык жана укуктук чаралардын тутуму жана ата мекендик жана импорттук продукциянын керектөөнүн натыйжалуулугу жана айрым товарларга болгон ички социалдык муктаждыктарды максималдуу канааттандыруу экендигин белгилей кетүү керек [2].

Ал эми тар мааниде бажы жана тарифтик жөнгө салуу – бул бажы алымынын ставкаларын, аларды төлөө үчүн жеңилдиктерди, ошондой эле товарлардын айрым түрлөрүнө карата бажы алымынын ставкаларын колдонуу тартибин камтыган ыйгарым укуктуу органдар тарабынан кабыл алынган документтер (тарифтик квоталар) же айрым өлкөлөрдөн келип чыккан товарларга тарифтик жеңилдиктер деп түшүнсөк болот.

Бажы-тарифтик жөнгө салуу иш-чаралары эң маанилүү жана ал эки түргө бөлүнөт: жөнөкөй жана татаал.

Жөнөкөй тариф менен, ар бир товар үчүн бажы алымдарынын бир ставкасы берилет, ал тариф товар чыккан өлкөгө карабастан колдонулат. Татаал тариф ар бир товар үчүн бажы алымдарынын эки же андан ашык ставкаларын айкалыштырууну болжолдойт жана мамлекеттердин тышкы соода саясатында көп колдонулат. Анткени бул тариф достук эмес мамиле кылган кээ бир өлкөлөргө соода-экономикалык сүр көрсөтүүгө, ал өлкөлөрдүн товарларына жогорку бажы алымдарын жүктөөгө мүмкүндүк берет же болбосо башка кээ бир достук мамиледеги мамлекеттер менен болгон тыгыз соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүп, ал мамлекеттерге жеңилдиктерди берүүгө мүмкүндүк берет.

Бажы алымдары өлкөнүн чек араларын кесип өткөн товарлар менен байланыштуу болгондуктан, биринчи кезекте, бажы алымдары экспорттук, импорттук жана транзиттик (мамлекеттин аймагынан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өтүү) болуп бөлүнөт.

Салык салуунун түрүнө жараша, адвалордук бажы алымдар товардын баасына карата пайыз менен алынат (мисалы, автоунаанын баасынын 10%ы); спецификалык бажы алымдар жагынан карасак, алар товардын көлөмүнөн, салмагынан же бөлүгүнөн белгилүү өлчөмдө алынат (мисалы, ар бир тонна металл үчүн 15 АКШ доллары); аралаш түрүндө болсо, анда товарлар бир эле учурда адвалорго дагы, спецификалык алымдардан дагы алынат.

Демпингге каршы, компенсациялык жана картелдик алымдар кошумча алымдар деп аталат. Демпингке каршы бажы алымдар импорттук товарлар өлкөнүн ички бааларына караганда төмөн баалар менен ташылып келингенде, эгерде мындай импорт ушул сыяктуу өнүмдөрдүн улуттук өндүрүүчүлөрүнө экономикалык жактан зыян келтиргенде гана колдонулат.

Компенсациялык алымдар импорттолгон товарларга карата, аларды өндүрүүдө субсидиялар мамлекети тарабынан түздөн-түз же кыйыр түрдө көрсөтүлгөн болсо, эгерде мындай импорт улуттук өндүрүүчүлөргө зыян келтирсе колдонулучу бажы-тарифтик саясат.

Картелдик алымдар тигил же бул мамлекетти басмырлаган өлкөлөрдөн алынып келинген товарларга, достук мамилелерге жат көрүнүштөрдү жасаган мамлекеттерге карата колдонулат.

Бажы-тарифтик жөнгө салуунун натыйжалуулугу бажы тарифтерине чейин төмөндөтүлгөн бажы алымдарынын экономикалык негиздүүлүгүнүн деңгээлинен көз каранды. Бажы тарифи ата-мекендик өндүрүүчүлөрдү чет элдик атаандаштыктан коргоого гана эмес, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнө бажы төлөмдөрүн жыйноодон түшкөн каражаттын түшүүсүн камсыз кылат.

Бажы-тарифтик саясатты иштеп чыгууда ошондой эле айрым өлкөлөрдүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, алардын экономикасынын жана өндүрүшүнүн түзүмдөрүн, экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу чараларынын системасындагы бажы аспаптарынын ордун жана ролун да эске алуу керек.

Бажы-тарифтик жөнгө салуу башка жөндөгүчтөрдөн өзүнүн рыноктон тышкары мүнөзгө ээ экендиги жана түздөн-түз мамлекет тарабынан ишке аша тургандыгы менен айырмаланып турат.

Евразия экономикалык коомдоштугунун мамлекеттер аралык кеңешинин 2009-жылдын 27-ноябрындагы №18 «Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Орусия Федерациясынын Бажы биримдигинин бирдиктүү бажы-тарифтик жөнгө салуу жөнүндө» чечими бажы-тарифтик жөнгө салуунун, анын курамдык элементтеринин ролу менен маанисин күчөттү.

Бажы ченемин жөнгө салуунун тарифтик чараларынын башка элементи Евразия экономикалык биримдигинин Бирдиктүү бажы тарифи болуп саналат. Бажы тарифи – Бирдиктүү бажы номенклатурасынын ТЭИсине ылайык системалаштырылган бажы алымдарынын коюмдарынын жыйындысы. ЕАЭБдин тышкы экономикалык ишмердүүлүгүнүн Бирдиктүү Товардык номенклатурасы товарларды сыпаттоонун жана коддоонун эл аралык системасы болуп саналат, ал тышкы соода-сатык жана тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнүн бажы-тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын колдонуу максатында товарларды классификациялоо, салык салуунун, ташып кирүү жана ташып чыгуучу бажы алымдарынын коюмун колдонуу, тыюу салуулар жана чектөөлөр, экспорттоочу чет өлкөнүн компаниялары тарабынан ак ниет эмес аттандаштыгынан ички рыноктун соодасын коргоо чаралары, жалпы жана атайын бажы статистикасын жүргүзүү үчүн пайдаланылат [3].

Дүйнөлүк экономикалык системага интеграциялашуу процесси жана тышкы сооданын ургаалдуу өнүгүүсү бажы-тарифтик жөнгө салуу маселелерин тереңден карап жана аны жөнгө салуу үчүн укуктук базаны жакшыртуу зарыл экенин белгилейт [4]

Адатта бажы тарифи улуттук деңгээлде колдонулат, бирок Евразия экономикалык биримдигинде тариф бардык катышкан өлкөлөр үчүн алардын үчүнчү өлкөлөр менен соода байланышы тышкы сооданы жөнгө салуунун бирдиктүү, жалпы куралы болуп саналат.

Евразия экономикалык биримдигинде иштеген Бажы тарифи 10 сандуу коддук белгилерди колдонуучу товардык номенклатурага ылайык курулган.

Бажы-тарифтик жөнгө салуу максатында колдонулуучу Тышкы экономикалык ишмердиктин товардык номенклатурасы (ТЭИ ТН) Евразия экономикалык биримдигинин комиссиясы тарабынан аныкталат. Ошону менен бирге, ТЭИ ТНны аныктоо боюнча ыйгарым укуктарды Комиссияга бекитүү менен, ченемдик актыларды чыгаруу, товардык номенклатураны түзүү жана өнүктүрүүдөгү негизги принцибин – эл аралык тажрыйбада кабыл алынган товарлардын классификациясына шайкеш иш алып барат.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ички рыногун чет өлкөлүк жеткирип берүүчүлөрдүн жагымсыз таасиринен коргоо максатында атайын коргоочу, антидемпингдик жана компенсациялык чаралар колдонулушу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мүмкүн. Атайын коргоо чаралары Евразия экономикалык биримдигине үчүнчү өлкөлөрдөн келген импорттун кескин жана көзөмөлсүз өсүшүнөн келтирилген олуттуу зыянды четтетүүгө багытталган. Атайын коргоо чаралары атайын алым формасында, аны менен бирге алдын алуу түрүндө, ошондой эле импорттук же атайын квота формасында колдонулат. Антидемпингдик чаралар демпинг импорту тарабынан келтирилген материалдык зыянды четтетүүгө багытталган [5].

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн улуттук мыйзамдарынын алкагында, мисалы, КРдын «Антидемпинг жөнүндө», «Субидиялар жана компенсациялык чаралар жөнүндө», «Коргоо чаралары жөнүндө» мыйзамдары бар.

Бажы тарифине окшош, атайын, компенсациялык жана демпингге каршы алымдардын бардык коюмдарын камтыган бирдиктүү документ жок.

Бажы биримдигине кирген мамлекеттердин мыйзамдарында бажы-тарифтик жөнгө салуу түшүнүгү аркылуу тарифтик эмес жөнгө салууну аныктоо жолу пайдаланылат: тарифтик эмес чаралар бажы-тарифтик чараларга, башкача айтканда, ташып киргизүүдө жана ташып чыгарууда алынуучу бажы алымдарына кирбей турган тышкы соода иштерин мамлекеттик жөнгө салуу чараларын билдирет.

ЕАЭБдеги бажы-тарифтик жөнгө салуунун негизин ЕАЭБдин, бирдиктүү бажы тарифи (ББТ) түзөт, башкача айтканда, Евразия экономикалык биримдигинин тышкы экономикалык иш-аракетинин бирдиктүү товардык номенклатурасына ылайык системаланган үчүнчү өлкөлөрдөн Евразия экономикалык биримдигинин бажы аймагына ташылып келинген товарларга карата колдонулган бажы алымдарынын ставкаларынын жыйындысы болуп эсептелинет[6]. Дүйнөлүк соода уюмунун алдында ЕАЭБдин айрым мүчөлөрү милдеттенмелерин аткаруунун алкагында, ЕАЭБдеги тарифтик жөнгө салуу концепциясы бирдиктүү бажы тарифинин орточо салмактанып алынган ставкасын акырындык менен төмөндөтүүнү болжолдойт.

2017-жылдын 1-сентябрынан баштап 472 товардык позицияларга бирдиктүү бажы алымдары төмөндөтүлгөн. Буга чейин, 2017-жылдын май айында, 491 товардык позицияларга карата ставкалар төмөндөтүлгөн.

Бул төмөндөө, тиешелүүлүгүнө жараша орточо салмактанып алынган тарифтик ставкага таасирин тийгизип, 5,3% га чейин төмөндөгөн (2017-жылдын 1-январынан тартып, анын көлөмү 5,4% ды түзгөн).

Азыркы учурда сезимтал товарлардын тизмесине кирген товарларга бажы төлөмдөрүнүн өлчөмү такталууда. Бул транспорт каражаттарына орнотулган ар кандай типтеги жабдууларга, учкучсуз учуучу аппараттарга, авиация жабдууларынын айрым түрлөрүнө, кездемелерге, башка жеңил өнөр жай продукцияларына, балык жана деңиз азыктары кирет.

2019-жылдын 1-сентябрынан тартып, төмөнкү товар топтору боюнча ЕАЭБтин ББТнын импорттук алымынын ставкаларында олуттуу өзгөрүүлөр байкалган. Тоңдурулган балыктарга жана башка деңиз азыктарына 6% дан 8% га чейин, жер-жемиш пасталарына 10% га, тазалоочу жана жуугуч каражаттарга 6,5% га, жыгач целлюлозасына 7,5% га, айнекке 14% га, баалуу металлдарга 12,5% га, ар кандай кыймылдаткычтар, ошондой эле автоунаалардын тетиктери жана аксессуарларына карата ставкалар жогорулаган. Ошондой эле айрым маанилүү товарлар бажы төлөмдөрүнүн төмөндөшүнө дуушар болушту. Аларга негизинен транспорттун түрүнө жараша 20-25% дан 10-22% га чейин адамдарды ташууга арналган, уча турган аппараттар, жеңил автоунаалар жана башка транспорт каражаттары кирет.

Бажы төлөмдөрүн өндүрүү сыяктуу бажы органдарынын маанилүү функциясынан тышкары, тарифтик артыкчылыктар жана жеңилдиктер тутуму дагы колдонулат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн чыккан товарларга карата, бажы алымдарынын ставкалары ЕАЭБдин бирдиктүү бажы тарифинин базалык деңгээлинин 75% өлчөмүндө колдонулат. Тарифтик жеңилдиктердин бирдиктүү тутумун колдонгон өнүмү начар өнүккөн өлкөлөрдөн чыккан товарлар үчүн бул тарифтер 0 % га чейин төмөндөтүлгөн.

ЕАЭБде негизинен тарифтик жеңилдиктер Кытай, Бразилия, Эквадор, Аргентина, Египет, Парагвай, Чили, Иран, Индия жана башка мамлекеттерге берилет, бирок тарифтик жеңилдиктер жеңилдетилген тизмедеги бир катар товарларга гана колдонулат, булар: эт жана эт азыктары Аргентина менен Бразилиядан, Македониядан жашылчалар, Египеттен картошка, Шри-Ланкадан чай, Индиядан дары-дармектер. Ошол эле учурда, товарлар көлөмү жыл сайын ашыкча болбостон импорттолот, бул товарлардын рынокто ашыкча болушу жана учурдагы суроо-талаптын калыптанышы менен түшүндүрүлөт [7]. ЕАЭБдин тарифтик жеңилдиктер тутумун колдонгон өлкөлөрдүн тизмесин түзүүдө Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан жыл сайын бардык өлкөлөрдө калктын жан башына эсептегенде улуттук кирешенин көрсөткүчтөрү эсептелген изилдөөлөрдүн натыйжалары эске алынат.

Ошондой эле, бажы-тарифтик жөнгө салуу үчүн тарифтик квоталар сыяктуу курал колдонулат. Алар

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ЕАЭБдин бирдиктүү бажы аймагына товарлардын айрым түрлөрүн ташып келүүнү жөнгө салуу, товардын белгилүү бир көлөмүн ташып кирүүдө бажы алымынын төмөнкү ставкасын же ушул көлөмдөн ашык товарларды ташып кирүүдө бажы алымынын жогорку ставкасын белгилүү бир мезгил ичинде колдонууну камсыз кылуу чараларын билдирет.

Алар ЕАЭБдин бажы аймагына кирген айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүнө карата колдонулат, эгерде ички рынокто ушул сыяктуу товарлар өндүрүлүп (казылып, өстүрүлсө) тарифтик квоталарды белгилөөгө жол берилет. Бажы-тарифтик алымдарды жыйноо жолу менен жүргүзүлүүчү бажы-тарифтик жөнгө салуу фискалдык жана протекционисттик максаттар үчүн тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн маанилүү элементи болуп саналат.

ЕАЭБде бул жөнгө салуу бирдиктүү бажы тарифинин, тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн бирдиктүү товардык номенклатурасынын негизинде жүзөгө ашырылат, ошондой эле товарлардын келип чыккан өлкөсүн аныктоо жолу менен, алардын экономикалык өнүгүүсүнүн негизинде жеңилдетүүлөрдүн белгилүү бир системасы колдонулат [8].

Бажы алымдарын товарлар өндүрүлүп келген өлкөнү аныктабастан эсептеп чыгууга мүмкүн эмес [9]. Бул маселе ЕАЭБдин Бажы биримдигинин алкагында Орусия Федерациясынын Өкмөтүнүн, Беларусь Республикасынын Өкмөтүнүн жана Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 2008-жылдын 25-январында түзүлгөн “Товарлар өндүрүлгөн өлкөнү аныктоонун бирдиктүү эрежелери жөнүндө» жана Өнүгүп келаткан жана начар өнүккөн өлкөлөрдөн өндүрүлүп келген товарларды аныктоонун эрежелери жөнүндө макулдашуу 2018-жылдын 12-декабрында Москва шаарында кабыл алынган жана ушул макулдашуу менен жөнгө салынат.

ЕАЭБ алкагында бажы-тарифтик иштерин жөнгө салуусун өнүктүрүү интеграциялык биримдиктин негизги багыты болуп саналат. ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү бажы-тарифтик жөнгө салууда бир катар көйгөйлөр бар экени далил. Кризис доорунда күчөгөн, артыкчылыктуу соода-экономикалык кызматташуунун кеңири аймактарын түзүү жана тышкы экономикалык иштерди бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктардын олуттуу бөлүгүнүн улуттуктан жогорку деңгээлге берилүүсү менен коштолгон эл аралык атаандаштык, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ТЭИни бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү интеграциянын күткөн деңгээлинин соода-экономикалык кызматташуунун иш жүзүндөгү деңгээлинен бөлүнүп чыгуусунун күчөшү интеграциялык процесстерди мындан ары өнүктүрүү үчүн олуттуу чакырыктарды жаратат жана ЕАЭБдин ТЭИсинин тышкы экономикалык иштерин бажылык жөнгө салуу механизмин модернизациялоо маселелерин иштеп чыгуу зарылчылыгын актуалдаштырат. Мындай шартта улуттук сегменттердин бажылык жөнгө салуунун бирдиктүү мамлекеттер аралык механизмине натыйжалуу интеграцияланусун камсыздоого, ЕАЭБдин экономикалык кооп-суздугунун бирдиктүү контурун түзүүгө мүмкүндүк берген түзөтүү ЕАЭБдин ТЭИсин бажылык жөнгө салуу механизмин модернизациялоочу стратегиялык императивдерге айланат. Дүйнөлүк рынокто ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу үчүн эл аралык экономикалык кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн жана артыкчылыктарын мобилизациялоо ТЭИни бажылык жөнгө салуунун финансылык экономикалык жана көзөмөлдөчү аспаптарын төмөнкүдөй концептуалдуу багыттар боюнча өркүндөтүүнүн чоң зарылчылыктары менен байланыштырсак болот:

– ЕАЭБде бажы-тарифтик жөнгө салуунун базалык параметрлерин бирдейлештирүү (экспорттук-бажы-тарифтик саясатты макулдашуу, жагымдуу шарттардын режими түзүлгөн өлкөлөрдүн тизмесин, эркин соода режимин иштетүүнүн тартибин, тарифтик жеңилдиктердин жана артыкчылыктардын берүү тартибин аныктоо, регион ичиндеги сооданын көлөмүн жогорулатууга багытталган бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин алкагындагы өнөр жай саясатынын императивдерин аныктоонун негизинде бирдиктүү бажы-тарифтик саясатты жүргүзүү, алыскы чет өлкөлөрдөн келген товарларды ЕАЭБ өлкөлөрүндө өндүрүлгөн товарлардын импорту менен алмаштыруу процессин колдоого алуу), ошондой эле кыйыр салыктарды төлөө боюнча жеңилдиктерди колдонуунун бирдиктүү шарттарын иштеп чыгуу, ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде салыктарды төлөө мөөнөтүн жылдыруу өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлү зарыл;

– инновациялык товарларды, ошондой эле ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн өнөр жай тармагында кызматташуусу үчүн артыкчылык берилген товарларды ЕАЭБдин тышкы экономикалык ишмердигинин товардык номенклатура коддорун деталдаштырууну талап кылган товарлардын классификациясын көзөмөлдөө – натыйжалуулукту жогорулатууга, өнөр жай кооперациясын тереңдетүүгө багытталган Тышкы экономикалык иш-аракеттердин товардык номенклатурасына ылайык товарларды классификациялоо боюнча чечимдердин бирдиктүү китепканасын ЕАЭБ алкагында түзүү, жалпы технологиялык платформаларды жана өнөр жай кластерлерин түзүү, импортту

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



алмаштыруучу өндүрүштү өнүктүрүүгө дем берет;

– өнүгүп бараткан өлкөлөрдүн – ЕАЭБдин тарифтик жеңилдиктерин колдонуучулардын тизмесине оңдоо киргизүү, экономикасы ургаалдуу өнүгүп жаткан өлкөлөргө тарифтик жеңилдиктерди бир тараптуу берүүнү азайтуу жана өнүгүп бараткан мамлекеттер менен эки же көп тараптуу стратегиялык кызматташууну, өз ара тарифтик жеңилдиктерди берүүдөн тышкары, соода-экономикалык кызматташууну, рынокко кирүү, ТЭИнин катышуучуларынын укуктарын өз ара сактоо маселелерин камтыган кызматташууну түзүү керек экени учурдун талабы;

– бажы тарифин күчтөндүрүү принцибинин негизинде инвестициялык талаптагы товарларга (машиналарга, технологиялык жабдууларга), ЕАЭБ өлкөлөрүнүн аймагында өндүрүлгөн продукциялар үчүн компоненттерге карата ташып кирүүдөгү бажы төлөмдөрүнүн деңгээли менен түзүмүн жакшыртууну көздөгөн ЕАЭБдин Бирдиктүү бажы тарифинин түзүмүн өркүндөтүү. Буга, биринчи кезекте, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн аймагында башка өндүрүлбөгөн же рыноктун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жетишсиз өндүрүлгөн товарлар кирет [10].

ЕАЭБ алкагында ТЭИни бажы-тарифтик жөнгө салуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын ыңгайлаштыруу мүмкүнчүлүктөрү каралышы керек. Чет мамлекеттердин жана ЕАЭБдин тышкы экономикалык ишмердигине бажылык жөнгө салуу аспаптарын ыңгайлаштыруу потенциалын аныктоодо төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

– ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде тышкы экономикалык иш-аракеттердин өтө криминалдашуусу, бир күндүк фирмалардын олуттуу сандагы көптүгү ТЭИнин катышуучулары менен бажы органдарынын ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүүгө олуттуу чек коет жана бул бажы органдары тарабынан бажы мыйзамдарынын талаптарынын сакталышын камсыздоочу кошумча аспаптарды колдонууну талап кылат. Ал эми чет өлкөлөрдө ТЭИнин катышуучулары үчүн административдик тоскоолдуктар олуттуу азайтылган;

– чет өлкөлөрдө бажылык жөнгө салуу механизмдерин өнүктүрүүнүн башкы тенденциясы – БУУнун, Бүткүл дүйнөлүк бажы уюмунун, Эл аралык транспорт ассоциациясынын бирдейлештирилген стандарттарынын базасында товарларды бажы декларациясынан өткөрүү процесстерин бирдейлештирүү болуп саналат.

Дүйнөлүк экономиканын глобалдашуу агымы ылдамдаган мезгилинде тышкы экономикалык иштерди бажылык жөнгө салуучу эл аралык келишимдердин ченемдерин жана чет өлкөлөрдүн мыкты тажрыйбаларын ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук жана улуттуктан жогору мыйзамдарына ыңгайлаштыруу маселелери өзгөчө мааниге ээ.

Евразия экономикалык биримдигин түзүү, ЕАЭБдин бажылык жөнгө салуу механизмдерине Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун жана Бүткүл дүйнөлүк бажы уюмунун ченемдери менен принциптерин ырааттуу киргизүү аны алдыңкы чет мамлекеттердин ушуга окшош механизмдери менен бирдейлештирүүгө көмөк көрсөтөт.

Бул макаланы жазууда бир катар төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. ЕАЭБ өлкөлөрү бажы мыйзамдары менен бажы иштерин өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун узак жолун басып өтүштү. Бажы-тарифтик жөнгө салуунун тарыхый этаптары ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ортосундагы ири геосаясий жана эл аралык байланыштарды көрсөтүп турат.

2. ТЭИнин бажылык жөнгө салуу иштеринин финансылык-экономикалык жана контролдук аспаптарын модернизациялоо, анын ичинде, башкы милдеттерди аткарган бажы-тарифтик аспаптар илимий-өндүрүштүк мүмкүндүктөрдү активдештирүүнүн, жогорку өлчөмдөгү кошумча наркы бар жогорку технологиялык продукцияларды даярдоонун кайта өндүрүүчү контурларын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча негизги шарттардын бири катары билсек болот.

3. Азыркы шартта бажылык жөнгө салуу товарлардын агымын, кызмат көрсөтүүлөрдү, капиталдарды, жумушчу күчтөрүн бирдиктүү экономикалык мейкиндикке бириктирген регионалдык интеграциянын эң натыйжалуу аспаптарынын бирине айланууда. «Регионалдык глобалдаштыруу» улам барган сайын ачык байкалган тенденцияга айланууда.

4. Ар бир конкреттүү мамлекетте жана интеграциялык бирикмеде тышкы экономикалык иштерди бажылык жөнгө салуу элементтердин спецификалык топтолушу менен аныкталат. Алардын курамына жыйындысы бажы институттарынын кайталангыстыгын аныктаган тарыхый, геосаясий, тышкы экономикалык, улуттук, глобалдык факторлор таасир этет. Тышкы экономикалык иш-аракеттерди бажы аркылуу жөнгө салуу концепциясын, глобалдаштыруунун дүйнөлүк соодага активдүү тартылган өлкөлөрдүн тышкы экономикалык саясатына таасирин талдоодон улам глобалдык экономика ар бир өлкөдөн анын стратегиялык кызыкчылыктарына туура келген

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тышкы экономикалык иш-аракеттерди бажылык жөнгө салуу механизмин түзүүнү талап кыла тургандыгы тууралуу айтсак болот.

5. Ташып киргизилген товарларга бажы тарифтерин коюуда ата мекендик ишканалардын чет өлкөлүк товар алып келүүчүлөр менен болгон атаандаштыгын жеңилдетүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган тарифти күчөтүү принциби кеңири колдонулат. Бул принцип товарларга болгон бажы алымдарынын коюмдарын аларды иштеп чыгуу даражасынын жогорулоосуна жараша көтөрүүгө негизделген. Иш жүзүндө бул чийки зат түрүндөгү товарларга эң төмөнкү коюмдарды, ал эми даяр буюмдарга жана жогорку даражада иштелип чыккан продукцияга жогорку коюмдарды белгилөө аркылуу билинет. Ушуну менен, биринчи кезекте, зарыл чийки затты ташып келүүгө колдоо көрсөтүлүп, натыйжада бул мамлекет ичинде иштеп чыгаруу өнөр жайынын өнүгүүсүнө оң таасир берет.

6. Бажы-тарифтик жөнгө салуу мамлекеттик жөнгө салуунун негизги усулу болуп саналат жана анда Бирдиктүү бажы тарифи Евразия экономикалык биримдигине кирген мамлекеттердин соода саясатынын башкы аспабы экенин белгилесек болот.

7. Бажы-тарифтик жөнгө салуу өтө маанилүү жана эмгекти көп талап кылган процесс болуп саналат жана ал өзүнө өз ара байланыштагы бир нече төмөнкүдөй операцияларды камтыйт:

– товар өндүрүлүп келген өлкөнү аныктоо;
– товардын бажылык наркын аныктоо;
– бажы төлөмдөрүн аныктоо.

Тышкы соода ишмердүүлүгүн ыраатсыз жөнгө салуу эл аралык сооданын өнүгүшүнө олуттуу тоскоолдук болуп калышы мүмкүн, ошондуктан, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер тарабынан бажы- тарифтик жөнгө салуу чараларын жүзөгө ашыруунун жалпы эрежелерин белгилөөгө гана эмес, ошондой эле эл аралык рыноктогу өзгөрүүлөргө байланыштуу жалпы бажы тутумун өркүндөтүүгө кызыкдар.

**Адабияттар:**


1. Таможенно-тарифное регулирование внешне-экономической деятельности [Текст]: Мигранян А. Ученик для студентов высш. учеб. завед. - Б.2001. - 268 с.
2. Таможенно-тарифное регулирование внешнеэкономической деятельности и таможенная стоимость [Текст]: В.Е. Новиков, В.Н. Ревин, М.П. Цветинский. - 2-е изд., испр. и доп. - М.: Лаборатория знаний: Лаборатория Базовых Знаний, 2016. - 352 с.
3. Евразийский классификатор товаров таможенных целях: вопросы применения. [Текст]: Мокров Г.Г. Таможенное дело №1- 2019. - С. 9.
4. Аргументы за и против существования тарифов во внешней торговле. [Электрондук ресурс]: Киреев А.П. http://www.elitarium.ru
5. «Правовые основы применения антидемпинговых пошлин в Таможенном союзе в рамках ЕврАзЭС: особенности их применения в переходной период" [Текст]: Денисов А.Ю. "Таможенное дело" №2. 2013. - С. 16-18.
6. Единый таможенный тариф Евразийского экономического союза, [Электрондук ресурс] URL: http://www.consultant.ru/document/cons_doc_LAW_133133/22ad39bb36d3b8a63d493b0be82dc7170c9f82f6/
7. Особенности применения тарифных преференций в Российской Федерации в рамках Евразийского экономического союза // Сборник трудов IV Всероссийского конгресса молодых ученых. СПб.: [Текст]: Николаев А.С. Санкт-Петербургский национальный исследовательский университет информационных технологий, механики и оптики, 2015. - С. 299-303.
8. Таможенное регулирование внешнеэкономической деятельности в условиях ЕАЭС. [Эл. ресурс]: - Саратов: ИЦ «Наука», 2017. - 163 с. URL: http://xn--24-dlci8j.xn--p1ai/wp-content/uploads/2017/11/tamog_regul. pdf
9. Таможенно-тарифное регулирование ВЭД. [Текст]: Бондаренко Н.П. - М.: ИКЦ «МарТ»; Ростов на Дону: Изд. центр «МарТ», 2007. - С.114.
10. Финансовый аспект таможенно-тарифного регулирования ВЭД в России в условиях углубления интеграционных процессов» // [Текст]: Иванова О.Б., Хапилин С.А. Финансовые исследования. - 2013. - №4(41). - С. 39-40.
11. Кельдибеков Р.Ж., Сманалиев К.М. Гармонизация таможенного законодательства в Евразийском Экономическом Союзе. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №2. - 2018. - С. 158-160.